# Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин

# өзүн-өзү башкаруу “Жеткинчек” балдар уюмунун

# уставы

**Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин өзүн-өзү башкаруу**

**“Жеткинчек” балдар уюмунун уставы**

**Жалпы жобо**

***Устав*** *– бул мамлекеттик жана коомдук турмушундагы принциби болот да , ал принцип боюнча ар кандай билим берүүчү мектептерде болуп , кандай гана иштерди иштесе да , уставды сактоого тийиш . Бул эреже окуучуларга ,кызматтагы адамдарга да, коллективдерге жана топторго,уюмдарга жана мамлекеттерге таандык болот. Демократиянын шарттарында уставдарды сактоо аздык кылат. Биздин ар бирибиз өз мүмкүнчүлүктөрүбүзгө жараша коомдук турмушка, уставдарды жана укук тартибин чыңдоого катышууга милдеттүүбүз .*

*Устав-“Манас” мамлекетинин ажырагыс бөлүгү болот.*

*Уставда мамлекеттин максаты жана милдеттери мектеп окуучуларынын, педогогикалык коллективдин укуктары жана милдеттери ,ата-энелер менен коомчулуктун мектептин турмушундагы ролу ,мектептин ишине мамлекеттик жетекчилик кылуусу аныкталган.*

*Уставда ийгиликтүү негизги шарттарынын бири болгон тартиптин окуучулардын сактоосуна айрыкча көңүл бурулган.*

*Окуучулар үчүн эрежелерди ар бир мектеп окуучусу жакшы билип ,сөзсүз сактоого тийиш.*

*Мектептин уставында ушул эрежелерди ак ниеттүүлүк менен ар дайым сактагандыгы үчүн сыйлоо чаралары , ошондой эле аны бузгандык үчүн жазалоо чаралары көрсөтүлгөн .*

***БИЛИМ АЛУУГА УКУКТУУЛУК***

*Билим алуу – окуучулардын укугу гана эмес, милдети да болот.*

*Билим алуу укугун ишке ашырууда мектепке маанилүү орун таандык. Мектеп жаштарга илимий билимдердин негиздерин берет,тарбиялайт, турмушка ,эмгекке жана коомдук иштерге даярдайт.*

*Билимдүү адам адистиккти ,техниканы, тезирээк жана мыктыраак өздөштүрүп, өндүрүмдүү иштей тургандыгы практика жүзүндө аныкталат.*

*Билимдүүлүк окуучунун өз милдеттерине карата болгон мамилесине да, анын коомдук активдүүлүгүнө да, түздөн-түз таасир көрсөтөт, илимий –техникалык чыгармачылыкка адамдын жөндөмдүүлүгүн жогорулатат, о.э. келечекке окуучуга жакшы жашоого жардам берет, анын түшүнүгүн кеңейтет. Окуучунун өз бош убактысын пайдалануу маданияты да, анын билиминин деңгээли менен аныкталат.*

***ОКУУЧУЛАРДЫН МЕКТЕПТЕГИ УСТАВЫ***

*Мектептин иши, укуктар жана жалпы билим берүүчү орто мектептин Уставы менен жөнгө салынат.*

*1.Билимге жана практикалык ыкмаларга системалуу жана терең ээ болуу.*

*2. Өз жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү. Өз билимин өз алдынча толуктай билүү жана аны практикада колдонуу.*

*3. Коомдук пайдалуу, өндүрүмдүү эмгекке ,өзүн-өзү тейлөөгө катышуу.*

*4. Мектептин ички тартип эрежелерин сактоо .*
*5. Тартиптүү жана уюшкандыкта болуу.*
*6. Сергек жүрүү жана дене тарбия менен машыгуу.*
*7.Ата Мекенди коргоого өзүн даярдоо.*
*8. Жаратылышты сактоо жана анын байлыгын коргоо.*
*9. Мамлекеттин укуктарын сактоо жана жашоо эрежелерин урматтоо*
*10. Коомго жат көрүнүштөрдү келишпестик менен мамиле кылуу.*
*11. Эң негизгиси окуучулар тартипти жана тазалыкты өтө катуу сактоосу зарыл.*

***МЕКТЕП ОКУУЧУСУНУН КООМ АЛДЫНДАГЫ МИЛДЕТИ.***

*1.Тырышып окуу.*
*2.Укуктук жана  моралдык нормалардын талаптарын сактоо.*
*3.Мекендин сезимдүү атуулу болуу.*
*4.Мекендин гүлдөп өнүгүшүнө камкордук көрүү.*
*5.Өлкөнүн активдүү куруучусу болуу.*
*6. Укук бузууларды жана моралдык терс иштерди жасоочуларга каршы күрөшүү.*

**Мектеп Республикасындагы өзүн-өзү башкаруусу**

1. Министирлер менен класс командирлеринин жыйыны
2.Мектеп Республикасысын жогорку органы болуп конференция эсептелет.
3.Конференциянын чечими  көпчүлүк добуш менен добуш менен чыгарылат.

**Мектеп Республикасынын байланышы**

1. Мектеп Республикасы мектептин педогогикалык коллективи менен биргелешип иш жүргүзөт.
2.Мектеп Республикасы райондогу башка балдар уюмдары менен бирге кызматташтыкта болот.

**“Жеткинчек “ Балдар  уюмунун  максаты:**

Окуучулар менен педагогикалык коллективдин биргелешкен иш-аракети- улуулардан кичүүлөргө жоопкерчиликтик тажрыйбаны өткөрүү, тарбиячылардын тажрыйбасын тарбиялануучуларга өзүн-өзү калыптандырууну уюштурууда өзүлөрүнүн адамдык эркиндигин ,алдындагы максатка умтулуунун ,жашоодо өзүнүн жүрүм-турумун болжолдоо, өзүн-өзү тарбиялоо.

Педагогикалык коллективдин милдети:

1. Мектеп үчүн жана окуучулардын иш- аракеттерине пайдалуу чөйрөнү камсыз кылуу.

2. Иш- аракеттерди эмоцианалдуу каныккан жана кызыктуу кылу

3.Педагогикалык жактоону жана жардамды камсыз кылуу.

**Нурлан Рахманов атындагы орто мектеби
Окуучулардын өзүн-өзү башкаруусунун
түзүлүшү.**

**Президент**

**Премьер-министр**

| | |
|---|---|
| **Маданият министри** | **Билим берүү министри** |
| **Каржылоо министри** | **Саламаттыкты сактоо министри** |
| **Спорт министри** | **Экология министри** |
| **Тартип сактоо министри** | **Басма сөз министри** |

# Ж Е Т К И Н Ч Е К

Ж- Жазганга кызыксаң, окуганды сүй.

Е- Элсиз калсаң да, эмгексиз калба.

Т- Тарбиясы жакшынын- таалими жакшы.

К- Кызга кырк үйдөн тыюу.

И- Иши пландуу адамдын, ийгилиги ишенимдүү

Н- Намысы бар кишинин маңызы бар.

Ч- Чаркы аздын, баркы аз.

Е- Эмгектенип эрги, илим издеп серги.

К- Ким иштүү, ал күчтүү.